**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Кептик тема: Бүбүсара Бейшеналиевна*

*Грамматикалык материал: Антоним, синоним, омонимдерди кайталоо*

*Класс: 11 б*

***Болотканова Чынара Жаныбековна***

*2019-2020- окуу жылы*

**Сабактын максаттары/күтүлүүчү натыйжалары:**

| Күтүлүүчү натыйжалар: | Көрсөткүчтөр: |
|---|---|
| **Тилдик:** | |
| Окуучулар текстте кездешкен сөздөрдүн антонимдерин,синонимдерин,омонимдерин таба алышат.<br>Аларга аныктама бере алышат.Берилген сөздөр менен сүйлөм түзө алышат. | Текстте кездешкен сөздөрдүн антонимдердин,синонимдердин,омонимдерин таба алышса.<br>Аларга аныктама бере алышса.Берилген сөздөр менен сүйлөм түзө алышса. |
| **Кептик:** | |
| Текстти окуп,түшүнүшөт,суроо түзүшөт,түшүнгөндөрүн айтып бере алышат. | Текстти окуп түшүнүшсө,суроо түзө алышса,түшүнгөндөрүн айтып бере алышса |
| **Социо-маданий:** | |
| Улуу балерина Бүбүсара Бейшеналиеванын өмүрү жана чыгармачылыгы менен таанышышат.Биргелешип иштөөгө көнүгүшөт.Маданият менен искусствого эмгеги сиңген адамдарды сыйлоого жана алар менен сыймыктанууга тарбияланышат. | Бүбүсара Бейшеналиеванын өмүрү жана чыгармачылыгы менен таанышышса.Маданият менен искусствого эмгеги сиңген адамдар менен сыймыктанышса |
| Сабактын тиби:Билимдерин-билгичтиктерин калыптандыруу сабагы. | |
| Сабактын ыкмасы: сүйлөшүү жана изденүү ыкмасы | |
| Сабактын формасы: Жеке иштөө,топтордо иштөө | |

| **Сабактын этаптары** | **Мугалимдин ишмердүүлүгү.Окутуучу жана өнүктүрүүчү компоненттери,тапшырмалар жана көнүгүүлөр.(Ар биринин убактысы көрсөтүлсүн)** | **Окуучулардын ишмердүүлүгү.Сабакта өз ара аракеттерди уюштуруунун формалары** | **Күтүлүүчү натыйжаларга дал келүүсү** | **Көзөмөлдөө формасы** |
|---|---|---|---|---|
| **1.Окуу ишмердүүлүгүн мотивдештирүү** | Окуучуларды сабакка даярдоо.<br>Топторго бөлөм<br>Окуучулардын сабакка даярдыгын текшерем<br>(1 мүнөт) | Түстүү жетондорду тандоо менен топторго бөлүнүшөт.<br>. | Мотивация учурунда тема боюнча билимдин маанилүүлүгүн түшүнүшөт. | .Оозеки сурайм |
| **2.Билимдерин актуалдаштыруу** | Антоним,синоним,омоним сөздөрдүн аныктамаларын сураймын. ( 1 мүнөт) | Антоним,синоним,омоним сөздөрдүн аныктамаларын айтып беришет | Аныктамаларды билишет,мисалдарды келтире алышат | Оозеки жооп беришет. |
| **3.Жаңы материалды өздөштүрүү** | 1. Тексттин темасын божомолдоо.<br>2.Сабактын темасын жана максаттарын айтам. Слайддагы сүрөттөр боюнча.(1-2 мүнөт мүнөт )<br>3.Текстте кездешүүчү жаңы сөздөр менен тааныштырам.(суроолорго жооп алуу аркылуу).Тиркеме№1( 1-2 мүнөт )<br>4.Кээ бир сөздөр менен сүйлөм түздүрөм.(2 мүнөт)<br>5.Текстти 3 топко окутам ( 2 мүнөт) | 1.Слайддагы сүрөттөр аркылуу өтүлүүчү теманы табууга аракетттенишет.<br>2.Сабактын темасын жазышат<br>3.2-3 сүйлөм түзүшөт.<br><br>4.Текстти 3 абзацка бөлүп окуп чыгышат,түшүнүүгө аракеттенишет | Божомолдоолору дал келсе.<br><br>Тексттеги жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт. | Оозеки жооп беришет.<br><br>Доскага,дептерлерине жазышат.Окуп беришет |
| **4.Өтүлгөн** | 1. Ар бир топко тапшырма | Тапшырмаларды 3-4 мин | Топто иштешет. | Ватманга жазып |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **материалды бышыктоо** | берилет. 2-тиркеме(аткарууга 3 мүнөт берилет).<br><br>2.Сүйлөмдөрдү толукташат. ( 3-тиркеме) ( 1-2 мүнөт) | аткарышат | Суроо түзүшөт.<br>Сөздөрдүн антонимдерин,синонимдерин ,омонимдерин табышат.<br>Тексттин мазмунун айтып берүүгө көнүгүшөт. | ,презентациялашат. |
| **5.Сабактын жыйынтыгы** | Кайтарым байланыш<br>1.Сүйлөмдөрдү толуктагыла:<br>А) Мен бүгүн........билдим.<br>Б)Мага......оор болду.<br>В)Мен..... түшүндүм.<br>Г)Мага .....кызыктуу болду.<br>Д)Мен .... сыймыктана алам.<br>(1-2 мүнөт)<br>Ар бир эле адам балерина боло алабы?Эмне үчүн?<br>Балерина болуш үчүн кандай сапаттарга, жөндөмдөргө ээ болуш керек? ( 1 мүнөт)<br>2.Окуучулардын ишмердүүлүгүн баалаймын ( 1 мүнөт) | 1.Окуучулар өз ойлору менен бөлүшүшөт.<br><br>2.Окуучулар баалоо критерийлери аркылуу алган упайларынын негизинде бааланышат. | Өзүн обьективдүү баалаганга үйрөнүшөт. | Оозеки бааланышат. |
| **6.Үй тапшырмасы** | Үй тапшырмасы берилет.( 1 мүнөт)<br>“Мен жөндөмдүүлүгүмө жараша кесип тандайм” деген темада<br>8-10 сүйлөмдөн кем эмес эссе жазып келүү. | 1. Окуучулар тапшырманын шарты менен таанышышат. | Сабакта алган билимин үйдөн бышыкташат | Жазуу түрүндө аткарышат. |

***1-тиркеме***

***Суроолор аркылуу таяныч сөздөрдү табуу.***

***1.Театрда коюлуучу бий түрүндөгү музыкалык чыгарма кантип аталат?***

***Балет***

***2.Балеттин артисти  кантип аталат?***

***Балерина***

***3.Бийге үйрөткөн окуу жай кантип аталат?***

***Хореографиялык окуу жай***

***4.Актер аткаруучу тапшырма кантип аталат?***

***Роль***

***5.Жер иштеткен адамды кантип атайбыз?***

***Дыйкан***

***2-тиркеме***

***Топторго берилген тапшырмалар:***

***1.<u>Изилдөөчүлөр</u> (Тексттеги белгиленген сөздөрдүн антонимдерин,синонимдерин,омонимдерин тапкыла.***

| ***сөз*** | ***антоним*** | ***синоним*** | ***Омоним*** |
|---|---|---|---|
| ***улуу*** | | | |
| ***ат*** | | | |
| ***алгачкы*** | | | |
| ***образдарды*** | | | |
| ***негиздөөчүсү*** | | | |
| ***Иштей баштаган*** | | | |

***2.Суроо түзгүчтөр (Текстке карата 4-5 суроо түзгүлө).***

***3.Айтып берүүчүлөр (Тексттин мазмунун кыскача айтып беришет)***

***3- тиркеме***

***Сүйлөмдөрдү толуктоо.***

1. ***Бүбүсара Бейшеналиева … хореографиялык окуу жайында окуган.***
2. ***Бүбүсара 13 жашында … ролун аткарган.***
3. ***Анын атасы …***
4. ***«Ысык-Көлдүн ак куусу» деп ага … ат койгон.***
5. ***Анын аты менен … аталган.***